**Дуйнолук тилдер жана маданият факультетинин англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасынын усулчусу, улук окутуучу Г.С.Эргешованын 2019-2020 окуу жылы учун отчету.**

Окуу уюштуруу иши боюнча планда каралган сааттар толугу менен аткарылылды. Жылдын башында ар бир курс учун усулчулар дайындалып, алар жумушчу программа жана силлабустарды окутуучулар менен кошо тузуп бутушту. Ар бир айда кафедранын усулчусу Эргешова Г. курстун усулчулары менен усулдук кенеш откоруп турду. Усулдук кенеште окуу усулдук иштер, ачык сабактар, адабияттар, кутулуучу натыйжалар талкууланды. Ар бир курстун усулчулары предметтер боюнча жумушчу программалар жана силлабустар сунушталган N11,19 бюллетендердин негизинде кайрадан иштелип чыккан жана ар бир окутуучунун ОМКсында тиркелген. Компетенциялардын картасы тузулгон. Окутуунун натыйжалары коюлган максаттар менен дал келишинин матрицасы тузулгон, ар бир тема боюнча жумушчу программаларда компетенциялар жана ОН корсотулгон.

Сентябрь айында 1-курстар менен ориентациялык багыт берүү иш чаралары жүргүзүлду. 1-курстун студенттеринен диагностикалык тест алынып денгээлин аныктоо жана денгээлине карап тайпаларга бөлүнду.

Усулдук планда ачык сабактар пландалып, алар план боюнча отулду. Сентябрь айынан баштап кафедранын усулчулары оздору баштап ачык сабак отуп беришти.

Мисалы: 3 курстун усулчусу Исакова М. АРБ 1-19 А тайпасына “Cause and Effect” деген темада, Тажибаева А., 1-курстун усулчусу-1АКК-7-19 тайпасына, ноябрь айында “Future forms” деген темада,4 курстун усулчусу Аспердиева Чынара “ Diphthongs” деген темада ачык сабак отуп беришти.

Ал эми кафедранын усулчусу Эргешова Г, “Мыкты окутуучу” конкурсуна катышып 1-орунга ээ болуп, грамота менен сыйланды.

Модулдук жумада модулдук тесттерди, ТК, кабыл алынды жана жыйынтыгын чыгарылып АВН ге коюлду. Кафедра мүчөлөрүн оз ара жана ачык сабактарга катышуусун камсыз кылынды жана журналдын толтурулушу текшерилди. Ар бир окутуучу айына 4 жолу оз ара сабакка катышты жана аны усулдук кенеште талкуулап анализ берилди. Жыл бою сабактын сапатын жакшыртуу максатында окутуучулар ар турдуу семинарларга катышып квалификациясын жогорулатып жатышты.

СӨАИни уюштурулуп, түшүндүрүү иш чаралары силабустарды, кредиттик технологиялык өзгөчөлүктөрүн максаттарын жана перспективдүү пландарын түшүндүрүү иш чаралары усулдук кенеште байма бай талкууланып турду. Студенттердин өз алдынча даярдануусун окутуучу жана студент бош убактысында жана ишемби кундору алып жатышты.

Март айынынын ортосунан Дуйно жузун каптаган пандемиянын айынан онлайн сабактар отуло баштады. Карантиндин биринчи кунунон баштап окутуучулар студенттер менен Zoom, Google Classroom, вотсап аркылуу байланышып, жапырт ушул программалар менен сабак отуло баштады. Айрым окутуучулардын онлайн сабактары Фейсбук, Инстаграм, Ютюб баракчаларына жарыяланды. Окутуучулар Онлайн сабактарды интерактивдуу кылып отууго аракет кылышты. Сабактар расписание боюнча онлайн турундо отуло баштады. Айрым учурларда студенттер сабактарга катыша албай калгангдарынын себептери интернет байланышы начар болгондугу болду. Сабактарын эффективдуу отуу учун кафедранын окутуучулары ар турдуу вебинарларга катышышты. Мисалы: Акматова А, Жороева А., эл аралык конференцияларга катышышты, Эргешова Г.С., Жээнбекова Ч., Исакова М., Макмилан тарабынан уюштурулган “Teach from home webinar series” аттуу бир канча вебинарларга байма бай катышып жана уйронгон нерселерин сабактарда колдонушту. Карантин учурунда онлайн сабактарды отуу менен бирге, кафедранын жамааты тарабынан усулдук вебинар уюштурулду. Вебинарга Назарбаев Университетинин профессору

Д.Шаматовду чакырып, “ Макала жазуунун структурасы” деген темада доклад окуп, кызуу талкуу болду.

Курстук иштерди коргоо жана квалификациялык иштерди алдын ала коргоо илим жумалыгында Zoom аркылуу алынып баалары коюлду. Кафедранын окутуучулары 4 секцияга болунуп, иш алып барышты.

Бардык курстар учун онлайн модул жана экзамендер алынып, авнге тушурулду. Модулдук жана экзамендик тесттер Google classroom аркылуу алынды.

4 курстардын студенттерине мамлекеттик экзамендер онлайн турундо алынды.

**Кафедранын усулчусу Эргешова Г.С.**

**Англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасынын 1курстун усулчусу Тажибаева Анаранын 2019-2020 окуу жылында аткарылган иштер боюнча отчету.**

2019-2020 окуу жылынын башында 1 курстун студенттеринин арасында диагностикалык тестирлоо откорулуп, анын жыйынтыгына ылайык студенттер билим денгээлине жараша 13 группага (26 подгруппа) болуштурулду. Студенттерге тилдик денгээлдерине жараша English for Academic Purpose (B1), English for Academic Purpose (A2 ), Q-skills, жана А.В.Савватеева окуу китептеринин негизинде жумушчу программалар жана силлабустар тузулуп, электрондук жана кагаз формада берилген.

Курстун мугалимдери кафедранын ачык сабактарды отуу боюнча бекитилген графигине ылайык ачык сабактарды отушту:

| Окутуучу | Группа | Сабактын темасы | Убактысы |
|---|---|---|---|
| Тагаева Т. | 1АКК6-19 | People around you | Сентябрь |
| Узакбаева Б. | 1АКК7-19 | Fruits and vegetables | Сентябрь |
| Эргешова Г. | 1 АКК1-19 | Asking the way | Октябрь |
| Исакова М. | 1АРБ-1-19 | Production. | Ноябрь |
| Тажибаева А. | 1АКК-7-19 | Future forms | Ноябрь |
| Абдыкеримова М. | 1АКК2-19 | English towns | декабрь |

Факультеттин олимпиадалык резервин толуктоо жана студенттердин арасында тилди уйронууго болгон кызыгууну арттыруу максатында 2020-жылдын 18-февраль күнү 1-курстар арасында англис тили боюнча олимпиада өткөрүлдү. Анда негизинен лексико-граммматикалык суроолор, угуу жана окуу көндүмдөрүн текшерүүчү көнүгүүлөр берилди. Тестти аткарууга 1 саат убакыт берилип, анда 1-курстун 35 студенти катышты. Жазуу иштерин текшерүүдөн кийин төмөндөгүдөй орундар ыйгарылды.
I орун- Шерова Айкөкүл, Алимова Солиха
II орун- Маматханова Розухан
III орун – Абдураимова Шохида

Студенттерден СОИны кабыл алуу ар кандай формада уюштурулуп, класстан тышкаркы окуу, презентация, проект даярдоо, эссе-сочинение жазуу, видео баян тартуу ж.б. форматта кабыл алынды. Негизинен тапшырмалар Google classroom, Whatsapp, Zoom программалары аркылуу кабыл алынып, текшерилип, бааланып кайрадан студенттерге кайтарылып берилди.

Ал эми 2020-жылдын 16-мартынан баштап озгочо кырдаалга байланыштуу кирген карантин учурунда сабактар толугу менен дистанттык

формага отуп, узгултукко учурабай отулду. Онлайн сабактарды отуудо окутуучулар турдуу интернет платформаларды жана программаларды уйронуп оздоштурушту: Google classroom, Google form, Zoom, Microsoft Teams, Moodle ж.б.

Сабактардын сапатын жакшыртуу максатында оз ара сабакка катышуу уюштурулуп, атайын формага салынды. Айрыкча тажрыйбалуу окутуучулардын жаш окутуучуларга берген кеп-кенештерин баса белгилеп кетууго болот. Ошондой эле профессионалдык осууго багытталган томонку семинар-тренингдер жана курстар да 1курстун окутуучуларына пайдалуу болду: Communicative methods of teaching, Introduction to the foundation of English teaching.

Курстун усулчусу: Тажибаева А. А.

**Англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасынын 2 курстун усулчусу Ташиева Нуржамалдын 2019-2020 окуу жылында аткарылган иштер боюнча отчету.**

2 курстарда белгиленген дисциплиналары боюнча иш алынып барылды. Аталган предметтер боюнча жумушчу программалар жана силлабустар 19-бюллетенге ылайык түзүлдү. ОМК папкасы кошумча материалдар менен толукталды. Модулдук жана экзамендик тесттер түзүлдү. Кафедранын 2-курсунун окутуучулары тарабынан ачык сабактар отулду.

Кафедранын окутуучусу Дуйшобаев Дайыр 2АРК-1-18 тайпасына онлайн ачык сабак отуп берди. Кафедарынын 2-курсунун окуу усулдук иштерин 2019-2020-окуу жылына карата тузулгон планы боюнча алынып барылды.

Окутуучулар ар кандай семинарларга, вебинарларга катышышты. Мисалы Мурзуибраимова Динара Oxford University Press тарабынан уюштурулган тренинге, The American English(AE)E- Teacher Program тарабынан уюштурулган тренинге катышып сертификаттарды алды.

Сабактар онлайн турундо болгондугуна карабасатан окутуучулар сабактарын узгултукко учуратпай откоруп жатышты. Модуль, экзамандер да онлайн турундо алынып, АВН ге тийиштуу баллдар коюлду.

2-курста Үйрөнүп жаткан тилдин практикалык курсу предмети боюнча Oxford University Presstин EAP A2 академиялык окуу китеби, кошумча адабият катары Аракин алынды. Кошумча адабият катары , Listen and Speak китептери жана колдонмолору менен студенттердин билимин жана керектүү 4 көндүмдөрүн жогорулатуучу материалдар колдонулду.

Тайпаларда кураторлук иш планга ылайык кураторлук сааттар өткөрүлдү. Студенттер факультеттеги маданий иш чараларга активдуу катышышты.

Усулчу : Ташиева Н

**Англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасынын 3-курсунун усулчусу Исакова Миргулдун 2019-2020-окуу жылында аткарылган иштер боюнча отчету.**

Филологиялык билим берүү багыты боюнча 3-курста 237 студент окуп (24 студент бюджеттик, 213 студент контракттык негизде), жалпысынан 10 тайпа, 20 тайпачаны тузду. Алар төмөнкү критерийдин негизинде 2 баскычка бөлүнуп окушту:

B1 (ортонкудан төмөн) pre-intermediate

B1+ (ортонку баскыч) intermediate

3-курста негизгилерден болуп, «Уйронуп жаткан тилдин практикалык курсу», «Теориялык фонетика», «Теориялык грамматика», «Методика», «Лексикология», «Второй иностранный язык» дисциплиналары окутулду. Ошондой эле студенттер экинчи жарым жылдыкта, практикалык жана теориялык алган билимдерин практика менен айкалыштыруу максатында профессионалдык-базалык практикага пандемия жана карантин абалына байланыштуу дистанттык турдо чыгышты. Курстук иштер да онлайн Zoom платформасында кабыл алынды.

Факультеттин олимпиадалык резервин толуктоо жана студенттердин арасында тилди уйронууго болгон кызыгууну арттыруу максатында 2020-жылдын 17-февраль күнү 3-курстар арасында англис тили боюнча олимпиада 2 тур менен өткөрүлдү. Биринчи турда лексико-граммматикалык суроолор, угуу жана жазуу көндүмдөрүн текшерүүчү тест берилди. Тестти аткарууга 1 саат убакыт берилип, анда 3-курстун 24 студенти катышты. 2-турда эн коп балл топтогон 5 студент атайы тузулгон комиссиянын козомолундо, оозеки турдо даярдыксыз дил баян жасашты. Олимпиаданын жыйынтыгында, төмөндөгүдөй орундар ыйгарылды.

I орун - Ширяева Зинаида

II орун - Чырмашева Айдай

III орун – Алтынбек кызы Клара

Экинчи жарым жылдыкта модулдар дистанттык турдо алынды. Жалпысынан алганда, 10 балл студенттердин оз алдынча иштерине, 10 балл сабакта топтогон бааларга, ал эми калган 10 балл Google forms тесттери аркылуу алынды. Экзамендик тапшырмалар What’s app, Google Classroom,

Zoom платформаларында оозеки жана жазуу турундо берилип, тест жана экзамендик билеттердин жардамы менен алынды.

Студенттердин алдынча иштери да турдуу формаларда кабыл алынды. Студенттер презентацияларды видео форматта тартып, окутуучуларына WhatsApp аркылуу жонотушкон. Кээ бир окутуучулар онлайн видео аркылуу презентацияларды кабыл алышты. Сабактан тышкаркы окуу (outside reading) боюнча адабий китептер студенттер тарабынан конспектиленип, видео байланыш аркылуу тапшырылды. Студенттер англис тилинде электрондук китептерди окуп, жаны создордү жаттап, чыгарманы анализдеп жана суроолорду түзүп жонотүштү.

Сабактардын сапатын жакшыртуу максатында оз ара сабакка катышуу уюштурулуп, атайын формага салынды. Айрыкча тажрыйбалуу окутуучулардын жаш окутуучуларга берген кеп-кенештерин баса белгилеп кетууго болот. Ошондой эле, окутуучулар профессионалдык осууго багытталган семинар-тренингдерге активдуу катышышты.

Курстун усулчусу: Исакова М. Т.

**2019-2020 окуу жылындага 4-курстарда аткарылган окуу-усулдук иштердин эсеп-кысабы**

Негизинен «Окутулуп жаткан тилдин практикалык курсу» дисциплинасы 7 жана 8-семестрге пландаштырылып ар бир семестрдин аягында жыйынтыктоочу экзамендер коюлган. 7-семестрге 60 саат практикалык жана60 саат студенттин өз алдынча иштөөсүнө ал эми 8-семестрге 90 саат аудиториялык жана 90 саат өз алдынча иштөөгө берилген. 2019-2020 окуу жылынын башында 4-курста иштеген окутуучулар менен биргеликте дисциплина боюнча негизги окуу китеби болуп Paul Dummet жана Jon Hirdдин Oxford EAP «A course in English for Academic Purposes» (B1+) жана В. Д. Аракин «Практический курс английского языка (английский язык) (4курс)» китеби колдонулса студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн: Э. С. Галимова, Н. М. Паниткова «Литературный журнал-средство овладения самостоятельными навыками критического чтения на старшем этапе в языковом ВУЗе» деген окуу колдонмосу колдонулду. Окутуучулар тарабынан силлабус, жумушчу пландарга өзгөртүү жана толуктоолор киргизилип түзүлдү. Ошону менен катар эле окутуулучу ар бир бөлүккө ылайыкталып квиз, тест, диктанттар ар бир окутуучу тарабынан тузулду. Ар бир бөлүк окутулуп жаткан мезгилде аралык жана учурдук текшерүүлөр жүргүзүлүп, аягында жыйынтыктоочу тесттер алынды. Модулдар менен экзамендин жыйынтыктары AVN системасына коюлду.

4АРБ(б)-1-16 тайпасында А. Жороева.,Д. Мурзубраимова., 4АРК(б) -1-16да Паниткова Н., Осмонбаева Ж., 4АРК(б)-2-16да Эрмекбаева Н. Ж.,

Калмаматова З. А., 4АРК(б)-3-16да Назарова М., Галимова Э. С., 4АРК(б)-4-16да Паниткова Н.,, 4АКК(б)-1-16да Эргешова Г., Ахмедова Э., 4АКК(б)-2-Сулайманова Г., Тургунбаева Б., 4АКК(б)-3-16да Аспердиева Ч., Койлубаева Б., 4АКК-4-16да Тешебаева А., Жээнбекова Ч., 4АКК(б)5-16 тайпасында Ч. Аспердиева жана Д. Дүйшөбаевдер иштешти.

2019-2020 окуу жылынын I-жарым жылдыгында жалпысынан 4-курстарда 19 тайпа билим алды. Окуу жылынын башында тайпалардан мониторинг тест алынып студенттер билим денгээлине жараша тайпаларга болунду. План боюнча расписаниеге коюп сабактарын өтүп жатышты. Жалпылап алганда ар бир тайпада VII-семестрде 2 кредит (6саат) аудиториялык саат окутулса СРС 2кредит (60 саат) кабыл алынды. Семестрдин жүрүшүндө негизинен 2-модуль уюштурулду. Алынган модулдун жана жыйынтыктооч уэкзамендин жыйынтыктары АВН программасына жана журналдарга коюлду. Мындан сырткары 4-курста иштеген окутуучулар бири биринин сабактарына өз ара катышышып усул алмашып, анализдерин беришти. Айта кетсек кафедранын улук окутуучусу Г. Эргешованын сабагына Г. Сулайманова эжеке, Ж Осмонбаеванын сабагына А. Акматова эжеке, Ч. Аспердиеванын сабагына Г. Сулайманова, Н. Эрмекбаеванын сабагына М. Назарова, М. Назарованын сабагына Ч. Жээнбекова эжекелер катышышты жана улук окутуучулар А. Жороеваю, М. Назарова., Ч. Жээнбекова., Б. Тургунбаева эжекелер ноябрь, декабрь айларына план бюонча ачык сабактарды өтүп беришти.

2019-2020 окуу жылынын II-жарым жылдыгында жалпысынан 4-курстарда 19 тайпа билим алды. План боюнча 4-курста 2020-жылдын 27-январынан

тартып 7-мартка чейин студенттер өздөрүнүн профилдик-базалык практикасын шаардын мектептеринде өтүштү жана 2020-жылдын 9-мартынан баштап сабакка киришишти. Өлкөдө болуп жаткан кырдаалга карабай окутуучулар өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша пландаштырылган сабактарын расписаниеге коюшуп онлайн сабактар өтүлүп жатты. Жалпылапалганда ар биртайпадаVIII-семестрде 6 кредит (90саат) аудиториялык саат окутулса СРС (90 саат) кабыл алынды. Семестрдин жүрүшүндө негизинен 2-модуль уюштурулду. Алынган модулдун жана жыйынтыктоочу экзамендин жыйынтыктары АВН программасына коюлду. Ар бир окутуучу өзү окутуп жаткан тайпанын студенттери менен онлайн байланышта болуп студенттер менен бирге МАКка даярдыктар жүрүп жатат. Студенттерге МАКта сүйлөй турган топиктердин темалары, тексттердин авторлору, теориялык суроолор, методика жана педагика предметтеринин суроолору алдын ала даярданууга берилди. Квалификациялык иштер жетекчилер менен биргелткте онлайн иштелип жана жазылып жатат. 2020-жылдын 1-июнунан тарта деканант тарабынан түзүлгөн графиктин негизинде обзордук лекциялар өтүлөт. 8-июндан баштап 23-июнга чейин мамлекеттик сынактар онлайн түрдө жүргүзүлөт. Жалпысынан “филологиялык багыт берүү” боюнча 239 студент МАКка кирүүсү күтүлүүдө.

Усулчу: Аспердиева Ч. М.